# Дидактика

№5 (19) декабрь, 2022-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


*ОшМУ деген атың улам жаңырып,*
*Ийгиликтер турсун сага багынып.*
*Жаңы жылдын ырыс, дөөлөт, ооматы,*
*Келе берсин Ак-Буурадай агылып!*




ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков:

## «2023-жылды - «Сергек жашоо жана ден соолук жылы» деп жарыялайбыз»



3-бетте

ОшМУнун Эл аралык байланыштар департаментинин директору Абдыганы Абдувалиев:

## "ОшМУ эл аралык аренага багыт алды"



4-5-беттер

## ДҮЙНӨЛҮК РЕЙТИНГ – ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ

6-бетте

## ОшМУнун окутуучусу "КМШнын эң жаш окумуштуусу-2022" аталды

Финансы-юридикалык колледжинин практика жетекчиси, финансы жана банк иши ПЦКсынын окутуучусу Шаирбек Аскаралиев "КМШнын эң жаш окумуштуусу-2022" номинациясы, экинчи даражадагы диплом жана төш белги менен сыйланды. Сыйлык Казакстандын "Эл аралык жаш окумуштуулар ассоциациясы" жана "БОБЕК" улуттук кыймылы юридикалык жактардын бирикмеси тарабынан уюштурулган сынактын жыйынтыгында берилди. Сынакта катышуучулардын илимий ишмердүүлүгү жана жарыяланган илимий макалалары каралган. Шаирбек Аскаралиев Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Ош филиалынын аспирантурасын аяктаган. Азыркы күндө экономика багыты боюнча кандидаттык диссертациянын үстүндө иштеп коргоонун алдында турат.

## Куттуктоо!

ОшМУнун Билим берүүнүн сапаты департаментинин директору, доцент Мейлихан Алтыбаеваны жана Философия жана саясат таануу кафедрасынын доценти Алима Ахмеджанованы "Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" ардактуу наамы менен чын жүрөктөн куттуктайбыз. Бекем ден-соолук, эмгек жолунда ийгиликтерди каалайбыз.


**ОшМУнун ректораты жана Кесиптик Кошуну**

## Кызматташууга чакырабыз!

### Урматтуу окурман!

Эгерде сизде окутуунун жаңы инновациялык усулдары, ата-энелер менен иштөө ыкмалары, кесиптештердин ийгилик сырлары жана башка ушул сыяктуу кызыктуу темалар боюнча макалаңыз бар болсо, биз менен байланышыңыз.

**Сиз менен кызматташууга ар дайым даярбыз.**



**Whatsapp: 0553 345 666**
**Электрондук почта: didaktika2022@gmail.com**
**"Дидактика" гезитинин редакциясы**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# QS рейтингине кирүүнүн абалын комиссия анализдеп чыкты

«ОшМУнун кафедраларынын «QS университеттеринин дүйнөлүк рейтингине» катышуунун абалын» анализдеп чыгуу милдети менен ОшМУнун ректору, профессор К.Г. Кожобековдун буйругунун негизинде атайын комиссия түзүлгөн болчу. Комиссиянын төрайымы, Сырттан жана дистанттык окутуу боюнча проректор, профессор Т.Жумабаева комиссиянын ишмердиги жана жыйынтыгы боюнча ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №4 жыйынында маалымат берип, Токтом кабыл алынды. Төмөндө угулган маалыматтын маанилүү бөлүктөрүн сунуштайбыз.




Буйруктун негизинде иш алып баруу үчүн комиссия курамы өзүнүн биринчи отурумунда «QS университеттеринин дүйнөлүк рейтингине» тиешелүү маселерди талкуулашып, натыйжада бул багытта кафедраларда жүргүзүлүп жаткан иштердин абалын текшерүү үчүн атайын эстеткичти кабыл алышты.

Текшерүүнүн натыйжасын, иштин эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында комиссия курамы эки группага бөлүнүп иш алып барды. Алар факультеттердин активдери, кафедра башчылары менен жолугушууларды өткөрүшүп, аларга атайын бекитилген эстеткичтерди таркатышты. Алгач текшерилген кафедралардын бар документтери менен таанышышып, тиешелүү консультациялар да берилди. Атайын иш жүргүзүү багыттары такталып, убакыт бөлүндү. 15-20 күндөн кийин кайрадан тиешелүү кафедраларга бөлүнгөн жоопту комиссия мүчөлөрү барып, айтылган багытта жүргүзүлүп жаткан иштер менен таанышкан соң атайын справкалар топтолду жана жыйынтык чыгарылды.

## Текшерүүдөн алынган SWOT анализ

### Күчтүү жактары

1. Факультеттердин окутуучуларынын сапаттык курамы талапка жооп берет;
2. Айрым факультеттерде студенттер үчүн кызыктуу болгон студенттик ийримдер бар;
3. ЖОЖдор арасында студенттердин предметтик олимпиадаларынын өткөрүлүп турушу, олимпиадаларда байгелүү орундарды ээлеши;
4. Атайын педагогикалык багыттагы программалардын окуу планына туруктуу өнүгүү концепциясына байланышкан предмет киргизилген;
5. Факультеттердин, кафедралардын мамлекеттик, муниципалдык, жеке уюмдар же иш берүүчүлөрү менен натыйжалуу байланышы бар;
6. Кафедраларда билим берүүнүн сапатына көңүл буруу жана студенттердин кызыкчылыктарын жогорулатуу максатында сабактарга алдыңкы конок лекторлорду тартуу, конок лекцияларды уюштуруу;
7. Факультеттер жана кафедралар өздөрүнүн ишмердүүлүгүн көпчүлүк учурда социалдык тармактарда чагылдырышат;
8. Электрондук китепканада "ИРБИС64+" программасы, I-books.kg, "Кирлибнет" базасы;
9. Эл аралык индекстелген журналдарда чыккан макалалар үчүн стимулдаштыруучу сыйлыктар;
10. Администрация тарабынан QS багытында жүргүзүлүүчү иштерге чоң колдоо;
11. Чет элдик профессорлор менен иштөөгө түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр;
12. Эл аралык байланыштар департаменти тарабынан түрдүү чет элдик, КМК өлкөлөрүндөгү ЖОЖдор менен түзүлүп жаткан эки тараптуу келишимдер, академиялык мобилдүүлүк;
13. QS багытында рейтингди жогорулатуу үчүн атайын чакырылган эл аралык эксперттердин катышуусу менен уюштурулган семинарлар, конференциялар, консультациялар;
14. QSтеги рейтингди жогорулатуу үчүн түзүлгөн "Улуттук жана эл аралык рейтингдер" бөлүмүнүн багыттоочу жана консультациялык, иш аракеттери.

### Алсыз жактары

1. Кафедралардын окутуучуларынын адистештик-кесиптик курамында маселелер бар;
2. Заманбап илимий жабдуулар менен жабдылган атайын изилдөө лабораторияларынын дээрлик жоктугу;
3. Көпчүлүк факультеттерде студенттик ийримдердин иши жолго коюлбаган, кагаз жүзүндө гана бар;
4. Корпоративдик почта сейрек колдонулат. Бардык эле мугалимдер колдоно бербейт, спам көп, корпоративдик почта кээде имараттын сыртында иштебейт;
5. Кафедранын окутуучуларынын көпчүлүк бөлүгү, eLIBRARY.RU илимий электрондук маалымат базасында катталган эмес;
6. Окутуучулардын бир аз бөлүгү ORCID, SCOPUS, Elsevier, WoSto (5%) катталган. Көпчүлүгү (95%) каттоодон өткөн эмес;
7. Эларалыкиндекстелгенжурналдарда макалалардын саны окутуучулардын санына которгондо жетишсиз;
8. Окутуучулардын автордук окуу курстарынын жоктугу;
9. Чет элдик окутуучулардын санын аздыгы;
10. Аткарылган иштер көп учурда ОшМУнун сайтында чагылдырбайт;
11. Жылдык сурамжылоо "Окутуучу студенттердин көзү менен", регулярдуу эмес же сайтка чыгарылбайт жана анкетанын жыйынтыгы кафедраларда талкууланбайт, анткени белгилүү эмес;
12. Электрондук китепкананын маалымат базасында (I-books.kg) кафедралардын багыттары боюнча бардык окуу китептери киргизилген эмес. Кафедра мүчөлөрү электрондук китепканага катталбаган же логин, паролдорун билишпейт;
13. Факультеттердин ишмердүүлүгү Университеттин доменindeги oshsu.kg сайтында начар чагылдырылат. Университеттин сайтында факультеттердин маалымат жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү чектелген. Сайттагы маалыматтар эски, убагында жаңыланбайт;
14. ОшМУнун сайтында (эл аралык байланыштар департаментинен башкасында) англис тилинде маалымат өтө аз, дээрлик жокко эсе;
15. ТӨМ (ЦУР) кафедралардын иш пландарына киргизилген эмес;
16. Бүтүрүүчүлөрдүн маалымат базалары кафедраларда жок, алар менен иш алып барылбайт;
17. Кызыкдар тараптар, эксперттер менен иштөө ирээтсиз, плансыз.

### Мүмкүнчүлүктөр

1. Сайттын окуумдулугун көтөрүү, маалыматтуулугун жогорулатуу;
2. Иш берүүчүлөрдүн толук базасын түзүү, алар менен регулярдуу түрдө пландалган иштерди, жыйынтыктарды өз маалында 3 тилде сайтка чагылдыруу;
3. Бүтүрүүчүлөрдүн базасын түзүү, алардын карьердик өсүүсүнө анализ берүү, аларды түрдүү иш-чараларда пайдалануу, пландалган иштерди, натыйжаларын убагында 3 тилде сайтка жайгаштыруу;
4. Факультеттердин КР ББжИ министрлиги, ОшМУ тарабынан жана атайын эл аралык фонддор, уюмдар тарабынан каржылануучу илимий гранттык долбоорлорго катышуусун камсыздоо;
5. SCOPUS Elsevier, WoSto катталган журналдарда макалаларын жарыялаган окутуучуларга, студент, магистрант, аспиранттарга колдоо көрсөтүү;
6. Эл аралык байланыштар департаменти тарабынан түрдүү чет элдик, КМК өлкөлөрүндөгү ЖОЖдор менен түзүлүп жаткан эки тараптуу келишимдер менен биргелешкен илимий-изилдөө иштерин колдоо жана биргелешкен макаларды чыгаруу;
7. ТӨ багытында факультеттер, колледждер жана иш берүүчүлөр менен биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
8. КМШ өлкөлөрүндөгү, КРдеги, региондогу ЖОЖдор менен биргелешкен илимий темаларды, студентик илимий ийримдерди түзүү;
9. Веб-сайтты жаңыртуу, ОшМУнун ичинде өткөрүлүүчү ар жылдык сынактарынын өтүлүүчү мөөнөтөрүн так көрсөтүү аркылуу сырттан да сайт аркылуу катышуу бөлүмүн киргизүү (мыкты лектор, мыкты методист, мыкты монография, окуу куралы, ОУК ж.б., иш чаралар, сыйлыктарга сунуштамалар, конференциялар, семинарлар ж.б.у.с.) аркылуу окумдуулугун көтөрүү;
10. Факультеттердин, кафедралардын сайтында маалыматтарды англис, түрк ж.б. тилдерде да берүү.

### Тобокелчиликтер

1. ОшМУнун сайтында алдын ала пландалган иштер берилбейт, административдик жаңылыктар гана кыргыз же орус тилдеринде өз убагында чагылдырылат;
2. Ал эми факультеттердин, кафедралардын өткөрүлгөн иш чаралары туралуу маалыматтары көпчүлүк учурда социалдык тармактар аркылуу таркатылат;
3. Корпоративдик почтанын үзгүлтүксүздүгү камсыздалбаган, сервер өчүрүлгөндө корпоративдик почтанын иши үзгүлтүккө учурайт;
4. Илимий изилдөө темаларын өз убагында бекитүүгө, изилдөө жүргүзүүгө айрым мугалимдердин кызыгуусу жок;
5. Окутуучуларда дээрлик (80%) 1,5 ставка окуу жүктөмү менен алектенүүгө кызыктар көп болгондуктан, окуу-методикалык иштерден башка, илимий-изилдөө иштерине убакыт жетишпейт;
6. Чет тилдерди өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү жоктугу же тил компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги;
7. Окутуучулардын окутуунун сапатын жакшыртууга кош көңүлдүгү, окутуунун дистанттык технологияларын начар өздөштүрүүсү;
8. Факультеттин, кафедралардын бүтүрүүчүлөрү менен байланышынын

(уландысы 8-бетте)

# «2023-жылды - «Сергек жашоо жана ден соолук жылы» деп жарыялайбыз»



**Кадырлуу агай-эжейлер, илимпоз устаттар, кесиптештер!**

Сиздерди кирип келе жаткан 2023-жыл Жаңы жылыңыздар менен менен ак дилимден куттуктаймын! Босогобузда турган жыл ырыс-кешиктүү, жакшылыктарды жылоолгон, ийгиликтерди ыроологон ак жолтой жылдардан болсун.

Узап бара жаткан жыл өлкөдө билим берүүдө чоң өзгөрүүлөрдү алып келген жыл болду. Ири 5 окуу жай "Өзгөчө статус" алып, жогорку билим берүүнүн үлгүсү катары, дүйнөлүк окуу жайлардын алдыңкы тизмесине кирүү милдетин алды. Анын ичинде Ош мамлекеттик уиверситети да бар. Ошондой эле окуу жайларга илим-билимди өндүрүшкө багытоо боюнча тапшырмалар коюлду. Өтүп бараткан жыл университетибиз үчүн да жемиштүү, өзгөрүүгө бай жылдардан болду:

Эл аралык таанууга ээ болуш үчүн көз карандысыз аккредитацияга жана рейтингге катышуунун мааниси чоң. Бул багытта университеттин жамааты бир нече жылдан бери QS дүйнөлүк рейтингинде системалуу иштерди аткарууда.

Университетибиз НААР аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги тарабынан өткөрүлгөн "Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтинги" программасынын жыйынтыгы боюнча ГЕНЕРАЛДЫК рейтингде катары менен 5 жыл бою 1-орунду камсыздап келүүдө.

«IAAR Eurasian University Rankings-2022» эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча Ош мамлекеттик университети Евразия мейкиндигиндеги эң мыкты ТОП-3 университеттин катарына кирди.

Өлкөдөгү ирилештирүү саясатына ылайык түштүк аймагында юристтерди даярдаган ири оку жай - Ош мамлекеттик юридикалык институту, Ош шаарындагы №12 кесиптик лицейи, Ош шаардык клиникалык ооруканасынын эски аймагы менен бүтүндөй базасы ОшМУнун карамагына өттү. Бул мекемелердин аймагына ири курулуштарды баштап жатабыз.

Жаңы окуу жылынан тарта окутуунун кредиттик технологиясын толук түрдө университеттин окуу процессине киргиздик.

Төртүнчү муундагы окуу жай ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ- КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ - компоненттери бирдиктүү ишке ашырууну колго алдык.

Акыркы эки жылда илимий долбоорлор үчүн 17 млн. сом өлчөмүндө каражат бөлүндү. Алгачкы жолу 5 багытта PhD докторантура ачылып, иштей баштады. Илимий журналдарынын ишмердүүлүгү Open Journal System (OJS) платформасына өткөрүлдү.

Акыркы бир жылда 40тан ашуун окуу жайлар менен эки тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп, эл аралык байланышыбыз бир топ кеңейди. Алгачкы жолу ОшМУда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби түзүлүп, эки жыл ОшМУда, эки жыл башка чет өлкөдөгү окуу жайда билим алып, эки университеттин дипломуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Акыркы бир жылда 40тан ашуун окуу жайлар менен эки тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп, эл аралык байланышыбыз бир топ кеңейди.

Академиялык мобилдүүлүк жана интернационализация багытында дагы белгилүү ийгиликтерге жетүүдө. Жыл сайын 500гө жакын студент (магистрант), 300гө жакын окутуучулар академиялык мобилдүүлүк боюнча дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү 282 университетке барып, окуп, тажрыйба алмашып келүүдө.

Кош дипломдуу эл аралык биргелешкен билим берүү программалары Кытай, Россия, Казакстан өлкөлөрү менен ийгиликтүү ишке ашууда. Кош дипломдуу билим берүү программаларынын саны жыйырмага жакындап калды.

Атап айтканда, Урал мамлекеттик медициналык университети, Чуваш мамлекеттик педагогикалык университети, Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети (Казакстан) жана Испаниянын Кадис университети менен кош диплом программасы ишке ашууда. Ал эми М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети менен 3 багытта эки диплом программасын ишке ашыруу иштери кызу жүрүүдө.

Үстүбүздөгү жылда ОшМУда испан тили жана маданият борбору, кыргыз-япон борбору, корей тили жана маданият борбору, Казакстандагы Л.Н. Гумилов атындагы Евразия улуттук университетинин филиалы ачылды. ОшМУнун филиалы Гумилов атындагы Евразия улуттук университетиде да ачыла турган болду.

Окуу жайда жыйырмадан ашуун окуу корпустар, жатаканалар, башка курулуштар заман талабына ылайык курулуп, оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

Атап айтсак, димедиус жана морфология окуу комплекси 2 кабаттуу эки окуу корпусунун, ОшМУнун жогорку билим берүү программалар мектебинин 5 кабаттуу окуу имаратынын, "Билим" лицейинин 3 кабаттуу окуу имаратынын курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди.

Окуу жайды өндүрүштүк университетке айлантуу максатында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр: секторду өнүктүрүү" программасынын алкагында ОшМУда "Алдыңкы тажрыйба борбору" ачылды. Аталган долбоор Азия өнүктүрүү банкынан 1 млн. доллар гранддын эсебинен каржыланды.

Медициналык клиниканын операциялык, жандандыруу жана хирургия бөлүмдөрү, стоматологиялык клиника ишке кирди. Тез жардам унаасы алынды.

Медицина, эл аралык медицина факультети толук капиталдык оңдоодон өттү. Лекциялык залдар акыркы үлгүдөгү техникалык каражаттар менен жабдылды.

"Ак-Буура" кампусунда спорттук аянтчалар заман талабына ылайык модернизацияланды.

Искусство факультетине кошумча кесиптик өзгөчөлүгүнө байланыштуу музыка адистигин даярдоого кошумча окуу корпусу курулуп жатат.

Маалымат борборуна жаңы үлгүдөгү техникалык каражаттар алынып, "Үмүт" телестудиясынын эфирдик, лабораториялык залы толук оңдоп-түзөөдөн өттү.

Учурда табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинде ветеринардык клиникасынын, "Ак-Буура" кампусунда 5 кабаттуу окуу-лабораториялык корпусунун курулуштары башталды.

Санарип чөйрөсүндө бардык кыймыл-аракеттер толук түрдө электрондук форматта ишке ашырууда:

ОшМУда "электрондук өздүк баракча" платформасы аркылуу ички рейтинг түзүмү аткарылып жатат. Электрондук журнал, электрондук силлабус, электрондук архив, электрондук жадыбал, электрондук айланма баракча, электрондук табель, электрондук оорукана, онлайн шайлоо системасы, "ОшМУ окутуучу", "ОшМУ студент", "ОшМУ абитуриент" тиркемелери реалдуу иш-аракеттерде колдонулуп жатат.

Өлкө башчыбыздын тапшырмасына ылайык ОшМУда атайын ойлоп табуучулардын чоң ордосу болгон "Жаштар бизнес паркы" түзүлүп, иштей баштады.

2022-2023-окуу жылынан тарта 1 ставкада эмгектенген катардагы окутуучуларга 2500 сом, окумуштуулук даражасы бар окутуучуларга 3000 сом, илимдин кандидаттарына 4550 сом, илимдин докторлоруна 6000 сом айлык маянасына кошулду. Жаңы жыл алдында бир айлык өлчөмүндө 13 –сыйлык маянасын колуңуздарга алдыңыздар. Ошондой эле илимий диссертациясын коргогон кызматкерлеге 50, 100 миң сомдук аксалай сыйлыктар берилип жатат.

Университеттик спортту колдоо багытында да алгылыктуу иштер жүрүп жатат. "Университет-ОшМУ" волейбол кыздар жана балдар профессоналдык клубдары КРдин волейбол боюнча жогорку лигасындагы клубдар аралык мелдеште 1-2-орундарды багындырып, КРВФнын президентинин кубагында кыздар чемпион болсо, волейболчу жигиттер 3-орунга татыды. Мындан сырткары жаш спортчуларга окуу жай ар тараптан колдоосун улантып, студенттерибиз бир топ жеңиштерди алып келди.

Келаткан жылды университет үчүн «Сергек жашоо жана ден соолук жылы» деп жарыялайдык.

Урматуу кесиптештер, кадырман устаттар, сүйүктүү студент достор! 2023-жыл баарыбыз үчүн ийгиктүү, жемиштүү жылдардан болсун! Ар бириңиздерге бакубат жашоо, иштериңиздерге чыгармачыл изденүү, үй-бүлөңүздөргө тынчтык, ырыскы-бакыт каалайм. Жаңы Жылыңыздар менен!

**Сиздерди терең урматтоо менен,**

**Ош МУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков**

# Тарыхты окутууда АЭМдин ролу талкууланды

ОшМУнун тарых факультетинин демилгеси менен "Магистранттардын, студенттердин өз алдынча билим алуусундагы акыл эмгегинин маданиятынын негизинде уюштуруу" аттуу аймактык практикалык конференция болуп өттү.

Конференцияга ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков, Тарых факультетинин деканы Сабыр Арстанов баштаган профессордук-окутуучулук курам, педагогика кафедрасынын башчысы Гулмира Жутанова, магистранттар, студенттер катышты.

Конференцияда КРнын Эмгек сиңирген мугалими, Лейлек районундагы 3-эксперименталдык гимназиянын директору Гапыр Мадаминов "Тарыхты окуп үйрөнүүдөгү акыл эмгегинин маданияты методологиясын пайдалануу" деген темада баяндама жасады.

"Акыл эмгегинин маданияты сабагы бул - балдарды билим алууга үйрөтө турган сабак. Азыр биз маалымат доорунда жашап жаткандыктан информация ушунчалык көп, балдардын башына анын баары батпайт. Ошол үчүн алардын окугусу келбейт. Биздин методика - ошол чоң маалыматтын негизисин бөлүп алып, ток этерин алып үйрөтө турган ыкма",- дейт устат Гапыр Мадаминов.

Конференциянын алкагында тарых факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы Гулзада Жумашова "Тарыхты окуп үйрөнүүдөгү негизги маселелер" деген аталыштагы баяндамасын жасады.





**Ош мамлекеттик университетинин
Эл аралык байланыштар департаментинин
директору Абдыганы Абдувалиев:**

# "ОшМУ эл аралык аренага багыт алды"

***- Абдыганы Осмонович, Сиз ОшМУда көп жылдан бери эмгектенип келе жаткан окумуштуулардын катарын толуктайсыз, андыктан сөзүбүздү ОшМУнун тарыхынан баштасак, университеттин тарыхын шарттуу түрдө кандай этаптарга бөлүп карайт элеңиз?***

- Алгачкы жылдары коомчулук мугалимдерге муктаж болгондуктан, башталгыч калсстардын мугалимдерин даярдоочу атайын курстар ачылган. Кийин акырындык менен 7, 8 жылдык толук эмес орто мектептер пайда болгондо, пед. окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн билим деңгээли жетишсиз боло баштагандыктан атайын математика, физика, химия, кыргыз тил, адабияты, тарых предметтерин тереңирээк окута турган мугалимдер институттары ачылган. Ошентип, 1939-жылы Түштүктө дагы Ош мугалимдер институту түптөлгөн.

Согуш башталгандан кийин 1942-жылы Ростов педагогикалык институту эвакуация болуп көчүп келген. Натыйжада биздин окуу жайда мыкты окумуштуулар, профессорлор, доценттер, мыкты лабораториялар, китепканалар пайда болгон. 1944-жылы кайра алар көчүп кеткенде кээ бир окумуштуулар, мыкты китептер, лабораториялар бизде биротоло калып калган. Бул өз кезегинде Ош мугалимдер институтунун түптөлүшүнө аябагандай чоң салым кошкон.

Элүүнчү жылдары өлкөбүздө орто мектептердин саны көбөйгөндө мугалимдер институтунун чыгарган кадрлары жетишсиз боло баштаган. Андыктан, 1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп өзгөргөн.

Сексенинчи жылдары ОшМПИни мамлекеттик университетке айландыруу демилгелери көтөрүлө баштаган. Өлкөбүз эгемендүүлүккө ээ болору менен алгачкы президент Аскар Акаевдин Указы менен Ош пединститутуна мамлекеттик университет статусу берилген. Мындан ары жалаң гана мугалимдер даярдалбастан, өлкөнүн бардык тармактарына зарыл болгон адистер даярдала баштаган.

Ошентип, ОшМУ жогорку билимдүү адистерди даярдоо менен Түштүк Кыргызстандын билим берүүсүнүн, илиминин жана маданиятынын кайнаган ордосуна айланды.

Университететибиздин бай тажрыйбасын эске алуу менен жакында президент Садыр Жапаровдун Указынын негизинде ОшМУга өзгөчө статус берилди. Бул менен бизде чоң мүмкүнчүлүк, ошол эле учурда чоң жоопкерчилик да пайда болду. Билим берүү программаларынын стандарттарын түзүүдөн баштап финансылык, административдик жактан да автономия берилди. Ошону менен бирге мамлекет тарабынан бизге дүйнөлүк QS рейтингине миңдикке кирүү талабы коюлду. Бул багытта ректорубуз Кудайберди Гапаралиевичтин жетекчилиги астында стратегиялык план түзүлүп, алгылыктуу иштер жүрө баштады.



*Ташкент медициналык академиясынын Ургенч филиалынын директорунун эл аралык байланыштар боюнча орун басары Д.Батыров баштаган делегацияны ОшМУнун ректору, професср К.Кожобеков кабыл алып, медициналык билим берүү багытында кызматташууга бел байлады.*

***- Агай, андай болсо Сиз тейлеген тармакка да өзгөчө милдет жүктөлүп аткан турбайбы?***

- Ооба, учурда ОшМУ эл аралык аренадан татыктуу орун алууга бел байлады. Рейтингдердин талабы да ушундай болууда. Алардын бири - академиялык репутация. Андан кийин интернационалдаштыруу, академиялык мобилдүүлүк, студенттерди жана мугалимдерди алмашуу, ошондой эле биргелешкен билим берүү - кош дипломдуулук программаларынын ишке ашыруу жумуштары аткарылмакчы. Чындыгында бул багытта биздин бөлүмдө көп иштер аткарылат. Эң негизги биздин максатыбыз - чет элдик жана Ата-Мекендик өнөктөштөр менен кызматташууну жогорку деңгээлде алып баруу менен университеттин аброюн көтөрүүгө салым кошуу жана шарт түзүү болуп саналат. Бул миссия ОшМУда эмгектенген мугалимдердин жана билим алып аткан студенттердин эң башкы озуйпасы болуп калды десем жаңылышпаймын.

***- Чет өлкөнүн жогорку окуу жайлары менен кызматташуу кандай жүрүүдө?***

- Бүгүнкү күндө үч жүздөн ашуун университет менен келишимдерибиз бар. Алардын көпчүлүгү менен тыгыз иштешип атабыз. Акыркы мезгилде дагы дүйнөнүн көрүнүктүү университеттир менен келишимдерди түздүк. Атап айтканда, акыркы бир жылдын ичинде, АКШнын Миссури университети, Франциянын Пуатье университети, Польшанын Быдгош экономикалык университети, Чехиянын Түштүк-Чех университети, Түркиянын Памуккале жана Сивас Жумхуриет университеттери, Россиянын М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик, Санкт-Петербург мамлекеттик жана И.М. Сеченов атындагы Биринчи Москва мамлекеттик медициналык университеттери, Кытайдын Борбордук улуттар университети, Кореянын Ханбат университети ж.б. окуу жайлар менен кызматташуу жакшы жолго коюлду.



*М.Акмулла атындагы Башкир мамлекеттик педагогикалык университитинин ректору Салават Сагитов баштаган делегацияны ОшМУнун ректору, профессор К.Кожобеков кабыл алып, кызматташуу боюнча пикир алмашты.*

***- Кызматташуунун алкагында кандай жумуштар аткарылууда?***

- Бул жерде негизинен тажрыйба алмашуу, студенттерди, мугалимдерди алмашуу, биргелешкен билим берүү программаларын түзүү жана аны ишке ашыруу, илимий жана маданий чөйрөдө кызматташуу иштерин аткарабыз. Мисалы, академиялык мобилдүүлүк боюнча жалпысы 296 студент, 214 окутуучу өнөктөш ЖОЖдордо болуп келишти. Эразмус+ программасы менен Испаниянын Кадис университетине 9, Германиянын Марбург университетинде 1, ал эми эки тараптуу келишим боюнча Корея Республикасында 8, Түркиянын ЖОЖдорунда 40ка жакын, Казакстан жана Өзбекстандын ЖОЖдорунда 100дөн ашуун студент, Россияда 5, ошондой эле ички академиялык мобилдүүлүк боюнча ата мекендик ЖОЖдордо 100гө жакын студент билим алып келди.

***- Студенттерди жана мугалимдерди чет өлкөгө чыгарууда гранттык колдоо көрсөткө турган программалар барбы?***

- Андай программалар бар. Мобилдүүлүк боюнча студенттерди чет өлкөгө чыгаруу үчүн атайын программаларды пайдаланабыз. Атап айтканда, Эразмус+, Түркиянын Мевляна, Германиянын ГЭАДэ, Кытай, Россия өлкөлөрү менен ШОС университеттеринин ассосациясы, Индиянын Айтек жана башка программалардын негизинде стипендия, гранттардын жардамында студенттерди чет өлкөлүк окуу жайларда билим алып келүүсүн уюштуруп атабыз. Учурда жыйырма бештей студентибиз Туркиянын ЖОЖдорунда билим алып атышат. QS рейтингинде 277 орунда турган Казакстандагы Л.Н. Гумилев атындагы евразия улуттук университетинде 56 студентибиз билим алып атышат. Ошондой эле Корэянын, Россиянын, Европанын, Япониянын, Кытайдын окуу жайларында билим алып, ал



*Польшанын Слупск шаарындагы Поморск академиясынын ректору, проф. Збигнев Осадавский баштаган өкүлдөр ОшМУга иш сапары менен келди. Аларды окуу иштери боюнча проректор З.Божонов кабыл алып, кызматташуу жаңыланган келишимине кол коюшту. Учрда ОшМУ Кольшанын 3 окуу жайы менен кызматташат.*



*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору Алпаслан Жейлан жана биринчи проректору А.А. Кулмырзаев жетектеген делегация ОшМУга иш сапары менен келип, ректор К.Кожобековдун кабыл алуусунда болду. Тараптар илим-билим багытында кызматташуу боюнча пикир алмашты.*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



*Испаниянын Кадис университетинин интернационалдаштыруу боюнча проректору Рафаэль Хименес, тил саясаты боюнча башкы директор Хавьер де Кос, Чыгыш Европа жана Борбор Азия боюнча эл аралык университеттик борбордун жетекчиси Андрес Сантананы ОшМУнун ректору, профессор К.Кожобеков кабыл алып, эки тараптуу кызматташуу жаатында ой бөлүштү.*



*Москва мамлекеттик геодезия жана картография университетинин Эл аралык иштер боюнча проректору С.Шведова баштаган делегацияны ОшМУнун Эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Абдувалиев кабыл алып, ОшМУ жөнүндө презентация жасады.*

жердин салтын, маданиятын, тилин үйрөнгөнгө мүмкүнчүлүктөр түзүлүп атат.

***- Мобилдүүлүк боюнча мугалимдер арасында жумуштар кандай жүргүдө?***

- Элүүдөн ашуун профессордук-окутуучулук курам онлайн жана офлайн конок лекцияларды окушту. Мисалы, АКШнын Бостон шаарындагы Саффолк университетинин Фулбрайт программасынын стипендиаты, профессор Карлос Рафин студенттерге АКШдагы окуу системасы жөнүндө лекция окуп, өзүнүн Кыргызстандагы ишкердик тажрыйбалары тууралуу айтып берди. Американын Кыргызстандагы элчилигинин “English Language Fellow” программасы аркылуу келген профессор Джон Стасинопоулос дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде бир семестр англис тили боюнча семинар-тренингдерди, сабактарды өтүп берди. ОБСЕнин Бишкектеги Академиясынын окутуучусу Елена Жирухина эл аралык мамилелер, бизнес жана менеджмент, юридика, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенттерине «Саясат жана коопсуздук», «Экономикалык башкаруу жана өнүктүрүү» темалары боюнча лекция окуду.

***- ОшМУда эл аралык келишимдердин негизинде ачылган факультеттер жана адистиктер тууралуу айта кетсеңиз?***

- Биринчи ачылган факультет бул - 1993-жылы Туркиянын Анкара университети менен келишим түзүлүп, телогия факультети ачылган. Студенттер бир жыл ал жакта даярдоо курсунда окуп келишет да калган бөлүгүн бул жакта улантат. Кийинкиси, 1996-жылы АКШнын Портленд университети менен Бизнес жана менеджмент факультети ачылган. Ошол жылдары биздин мугалимдерибиз АКШга барып стажировкалардан өтүп келишкен. Ал жактан профссорлор бизге келип, бир-эки жыл иштеп кетишкен. 2013-жылы Синьзянь педагогикалык университети менен биргеликте Кыргыз-кытай Конфуция интституту ачылды. Эл аралык билим берүүнүн жогорку мектеби Туркиянын, Европанын, Россиянын Түштүк Урал мамлекеттик универстеттери менен түзүлгөн келишимдердин негизинде иш алып барат.



*Д.Ф.Устинов атындагы Балтика мамлекеттик техникалык университетинин «ВОЕНМЕХ» орусиялык билим берүү консорциумдарынын долбоорлорун башкаруу борборунун директору О.Киреев ОшМУга келип, ОшМУнун Эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Абдувалиев баштаган өкүлдөр менен академиялык мобилдүүлүктү ишке ашырууну макулдашты.*

***- ОшМУнун студенттери үчүн чет өлкөдөн билим алып келүүгө мүмкүнчүлүк кеңири турбайбы?***

- Албетте, биздин студенттер үчүн бир эмес, бир нече өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларында билим алып келүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Негизги талап, чет элде билим алуу үчүн ошол өлкөнүн тилин белгилүү деңгээлде билиши керек. Тил үйрөтүүгө чет элден келген волонтер мугалимдерибиз бар, алар кызыккан студенттерге тилдерди акысыз үйрөтүшөт. Кызыккан студенттер алар менен клубдарды түзүп, баарлашып, жакшы пайдаланып атышат.

***- Медицина жаатында кандай байланыштар бар?***

- Медицияна боюнча ОшМУда инрфаструктура аябай кеңейди. Жаңы окуу имараттары, медициналык, стоматотолоогиялык клиникалар, формацевтика боюнча жаңы корпустар, алардын материалдык-техникалык базасы жаңы жабдуулар менен камсыздалды. Булардын баары медицина адистигин эл аралык деңгээлге чыгаруунун натыйжасында жасалып аткан иштер деп айтсак болот.

Учурдан пайдаланып, эл аралык программалар тууралуу да айта кетейин. Бизде мобилдүүлүктөн сырткары жыйырмадан ашык биргелешкен билим берүү программалары бар. Алардын ондон ашыгы учурда ишке ашууда. Мисалы, медицинада дарылоо иши жана стоматология боюнча Урал мамлекеттик медициналык университети менен келешим түзүп, 1-2-курста студенттер билим алып атышат. Келишимге ылайык үч жыл бизде окуйт. Окууну аяктагандан кийин эки университеттин дипломун алышат. Ошондой эле Чуваш педагогикалык университети менен эки багытта: IT технология жана орус тили адабияты жана чет тили - англис тили багыттары боюнча окутуп атабыз. Л.Н. Гумилев атындагы евразия улуттук университети (Казакстан) менен “ Котормо жана котормо таануу”, “ Орус тили жана адабияты” багыттары боюнча кош диплом программасы ишке ашырылууда. Бул жерде биздин студенттерибиз келишимдик акыны биздин университетке гана төлөшөт, ошол эле учурда эки университеттин дипломуна ээ болушат. Бул биз үчүн чоң жетишкендик.



*ОшМУнун эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Абдувалиев баштаган ОшМУнун өкүлдөрү «Инклюзивдик билим берүү тармагында адистерди даярдоо» темасында Эразмус Плюс программасынын алкагында боло турган долбоорго арыздарды берүүгө арналган эл аралык видеоконференцияга катышууда.*

***- ОшМУ 2022-жылдын алкагында эл аралык кызматташууну алкагында кандай инвестиция тарта алды?***

- Университетибизде учурда ондон ашык долбоор иштеп атат. Алардын ичинен эң мыктылары, Эразмус+ программасынын долбоорлору. Мына быйыл эки жаңы долбоорго кошулдук. Биринчиси, Кыргыз техникалык университети менен бирге финансылык автономия боюнча. Экинчиси, медицина боюнча. Булардын жардамы менен зарыл болгон лабораториялар курулат, студенттер жана мугалимдер чет өлкөгө чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, семинар, тренингдерден өтүшөт. Маселен, жакында эле бизде иштеп жаткан Эразмус+ программасынын медицина боюнча координатору Роман Калматовдун жетекчилиги астында мугалимдерибиз Германияда бир ай окуп келишти. Анлгиянын Лондон шаарында Броун университетинде алты мугалимибиз билимин өркүндөтүп келишти. Эразмус+ программасы менен чет өлкөдөн билим алуучу студенттер үчүн ай сайын 850 евродон стипендия берилип турат. Бир студент 4000 евродон ашык стипендияга ээ болот. Бул да болсо биздин билимдүү жаштар үчүн жакшы инвестиция деп айтсак болот.

Ошондой эле сырткы өнөктөштүктүн жыйынтыгында жаңы адистиктер ачылууда. Кыргыз-Европа факультети менен Испаниянын Карис университети менен PhD боюнча биргелешкен билим берүү программасын ишке ашырып атабыз.

***- Жакынкы коңшу мамлекеттер менен кызматташуу кандай болууда?***

- Албетте коңшу өлкөлөрдүн окуу жайлары менен кызматташуу жогорку деңгээлде уланууда десем жаңылышпаймын. Казакстан менен Өзбекстандын жыйырмадай жогорку окуу жайы менен кызматташуу келишимибиз бар. Жакында Казакстандын Л.Н. Гумилев атындагы евразия улуттук университети менен түзүлгөн макулдашуунун жыйынтыгында ОшМУда “Казак тили жана маданияты борбору” ачылды. Ушундай эле “Кыргыз тили жана маданияты борбору” жакында Л.Н. Гумилев университетинде ачылат. Дүйнөлүк QS рейтингинде 150-орунда турган Казакстандын Аль-Фараби улуттук университети, Абай Кунанбаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университети, жана башка окуу жайлары менен тыгыз кызматташабыз.

Акыркы 3-4 жылда Өзбекстан менен мамилебиз аябай бекемделди. Бүгүнкү күндө Өзбекстандын улуттук университетинде биздин 15 студентибиз билим алып атышат. Ошол эле учурда Фергана политехникалык институтунан бизге 15 студент келип билим алып атышат. Ошондой эле жаныбыздагы Андижан, Наманган, Фергана университеттери менен дагы тыгыз иштешип атабыз. Айтор, тажрыйба алмашуу, чогуу илимий иштерди жүргүзүү, илимий диссертациялык кеңештерге бирге катышуу сыяктуу алгылыктуу жумуштар колго алынууда.

***- Абдыганы Осмонович, сизге чон рахмат. Эл аралык байланышта жакшы жумуштар болуп атыптыр, ийгиликтер арта берсин деп тилек кылалы.***

**Маектешкен Тургунбай Алдакулов, редактор**



*ОшМУда Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин филиалы болгон “Казак тили жана маданияты” борбору ачылды. Ачылуу аземге ОшМУдан ректору, профессор Кудайберди Кожобеков жана аталган университеттин илим, коммерциялаштыруу жана интернационалдаштыруу боюнча проректору Жанна Курмангалиева баштаган казактсандык делегация катышты.*

# ОшМУ: ДҮЙНӨЛҮК РЕЙТИНГ – ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ

*Ош мамлекеттик университетинин 9-декабрь күнү болуп өткөн кезектеги админкеңешинде QS рейтингине киргүүнүн үч жылдык жол картасы талкууланды. Мындан ары башкы стратегиялык максат катары Ош МУ брендин эл аралык алкакка жайылтуу, интернет желесинде, сайттарда комплекстүү иш чараларды уюштуруу, энчиленген баракчалардын жана шилтемелердин санын көбөйтүү багытында системдүү жумуштар аткарылат. Ошондой эле Scopus жана WoS базасында индекстелген илимий макалалардын санын көбөйтүүгө, илимий макалалардын сапатын жакшыртууга жана ОшМУнун илимийметрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатууга басым жасалат. Жана эң башкысы, билим берүүнү интернационалдаштырууга, тагыраак айтканда, чет элдик студенттердин жана мугалимдердин санын арттырууга, мобилдүүлүк жана кош дипломдуулук долбоорлорун ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурулат.*

*Үч жылга пландалган жол картанын долбоорун ОшМУнун алдындагы Улуттук жана эл аралык рейтингдер бөлүмүнүн жетекчиси Максат Тотобаев презентациялап, талкууга сунуштады.*

**Бөлүм башчы Максат Джолдошалыевичтин айтымында, университеттердин дүйнөлүк рейтингдеринин критерийлери төмөнкүдөй 6 группадан турат:**

1. Коомдук пикирди сурамжылоо, репутациясын изилдөө;
2. Илимий басылмалар жана патенттер боюнча статистика;
3. Илимийметрикалык критерийлер, же илимий басылмалардын сапаты;
4. Кызматкерлер, студенттер, аспиранттар жана илимдердин кандидаттары боюнча статистикалык маалыматтар;
5. Билим берүүнү интернационалдаштыруу;
6. Сайт жана домен боюнча вебометрикалык параметрлер (https://www.webometrics.info/)

*Белгиленген критерийлердин алкагында стратегиялык максатка жетүүнүн усулдары иштелип чыгып, жумушту аткаруучу жооптуу тараптардын милдеттери так белгиленди. Ошондой эле максатка жетүүгө тоскоолдук жараткан себептер да аныкталып, аны жоюунун ыкмалары талкууланды.*

## Коомдук пикирди сурамжылоо, репутациясын изилдөө

Бул группанын алкагында QS рейтингинин критерийлери боюнча ОшМУнун Академиялык репутациясы WUR - 40%, EECA - 30% Asia - 30% өлчөмүндө бааланат. Ал үчүн Ош МУ брендин жайылтуу жумуштарына өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Иш берүүчүлөрдүн арасында ЖОЖдун бааланышы WUR 10%, EECA 20%, Asia 20% өлчөмүндө эсептелет. Илимий макалалардын сапатын жакшыртуу жана ОшМУнун илимийметрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу талап кылынат.

## Илимий басылмалар жана патенттер боюнча статистика

Бул группадагы критерийге ылайык макалалардын санынын окутуучулук-профессордук курамга болгон катышы WUR 0%, EECA 10%, Asia 5% өлчөмүндө эсептелет. Ал эми эл аралык илимий байланыштарга WUR 0%, EECA 10%, Asia 10% эсебинде упай берилет. Бул максатка жетүү үчүн Scopus жана WoS базасында индекстелген илимий макалалардын санын көбөйтүү зарыл. Ал үчүн чет өлкөлүк илимий изилдөө уюмдарында иштеген илимпоздор менен авторлош катары Скопуска макала чыгаруу зарыл. Бул озуйпаны ишке ашырууда чет элдик илимпоздор менен биргеликте илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө же кайсы бир долбоорлорду биргеликте ишке ашырууга катышуу да максатка туура келет.

## Илимийметрикалык критерийлер, же илимий басылмалардын сапаты

Бул группага кирген критерийге ылайык, шилтемелердин санынын илимий макалалардын санына болгон катышы WUR 0%, EECA 5%, Asia 10% өлчөмүндө бааланат. Ал эми шилтемелердин санынын окутуучулук-профессордук курамга болгон катышы WUR 20%, EECA 0%, Asia 0% ченеминде белгиленет.

Бул нормага ээ болуш үчүн илимий макалалардын сапатын жакшыртуу жана ОшМУнун илимийметрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу зарыл. Маселен, азыркы учурда Скопустагы айрым макалаларда шилтеме жасалбаганы аныкталган. Бул катачылыкты жоюу боюнча системдүү жумуштар аткарылуусу шарт.

## Илимий потенциал боюнча статистикалык маалыматтар

Тагыраак айтканда, кызматкерлер, студенттер, аспиранттар жана илимдердин кандидаттары боюнча статистикалык маалыматтар сапаттуу такталууга тийиш. Бул критерийдин алкагында PhD даражалуу кызматкерлердин үлүшүнө WUR 0%, EECA 5%, Asia 5%, ал эми профессордук-окутуучулук курамдын студенттердин санына болгон катышына WUR 20%, EECA 10%, Asia 10% өлчөмүндө баа берилет. Бул багытта диссертацияларды коргоолордун санын көбөйтүү боюнча аспирантура жана PhD докторантура бөлүмү атайын иш-чараларды жүргүзүүсү зарыл. Кадрдык саясат окумуштуулук даражага ээ болгон профессордук-окутуучулук курамдын санын көбөйтүүгө багытталуусу кажет.

## Билим берүүнү интернационалдаштыруу

Бул группага кирген критерийге ылайык, чет элдик студенттердин жана окутуучулардын үлүшүнө өз-өзүнчө WUR 5%, EECA 2,5%, Asia 2,5% упай берсе, мобилдүүлүк менен келген жана чыккан студенттердин үлүшүнө өз-өзүнчө WUR 0%, EECA 0%, Asia 2,5% өлчөмүндө баа берилет. Бул максатка жетүү үчүн билим берүүнү интернационалдаштырууга жана билим экспортун күчөтүүгө жан үрөө зарыл.

## Сайт жана домен боюнча

вебометрикалык параметрлер

Университеттин интернет ааламындагы таасирине (Web Impact) WUR 0%, EECA 5%, Asia 0% өлчөмүндө упай берилет. Ал үчүн ОшМУнун расмий сайтынын иштөө механизмин эл аралык стандартка чыгаруу, индекстелген баракчалардын жана шилтемелердин санын көбөйтүү керек.

## Максатка жетүүнүн деталдуу планы

Эл аралык рейтингден орун алуу максатында 11 багыттан турган репутациялык көрсөткүчтөрдүн алкагында иш-аракеттердин деталдаштырылган планы да иштелип чыкты.

## Академиялык бедел - 30%

Бул багытта эл аралык илимий жана академиялык конференцияларда ж.б. иш-чараларда катышууну жогорулатуу, академиялык эксперттердин тизмесин (3+2 системасына ылайык 3 чет өлкөлүк жана 2 жергиликтүү эксперт) тапшыруу жана QS MoveIn платформасына катталуу иш чаралары аныкталган. Бул иш чараларды ишке ашыруу жоопкерчилиги ОшМУнун жалпы жамаатына: ректорат, бөлүмдөр жана департаменттер, факультеттердин декандары жана кафедра башчыларына жүктөлгөн. Академиялык бедел багытында төмөнкүдөй иш чаралардын этаптары белгиленген:

* Чет өлкөлүк эксперттердин катышуусу менен илимий конференция ж.б. академиялык иш-чараларды уюштуруу жана башка жакта өтүп жаткан иш-чараларга катышууну жогорулатуу;
* CIES сыяктуу академиялык уюмдарга катталуу;
* Берилген тизмелердин сапатын аныктоо жана эксперттердин QSтин сурамжылоосун толугу менен толтурулушун көзөмөлдөө;
* QS MoveIn платформасына катталуу, эксперттердин анкеталарды алышын жана өтүүсүн көзөмөлдөө;
* ОшМУнун сапаттуу курамынан түзүлгөн эксперттердин тизмесин даярдоо;
* Партнер университеттер менен академиялык эксперттерди алмашуу маселесин карап чыгуу.

## Жумуш берүүчүлөрдүн бедели - 20%

Бул багытта да QS MoveIn платформасына катталуу, жумуш берүүчүлөрдүн тизмесин (3+2 системасына ылайык, 3 чет өлкөлүк жана 2 жергиликтүү эксперт) тапшыруу жана индустрия менен туруктуу байланыш түзүү милдеттери белгиленген. Ал үчүн төмөнкүдөй иш чараларды аткаруу аныкталган:

* Берилген тизмелердин сапатын аныктоо жана жумуш берүүчүлөрдүн QSтин сурамжылоосун толугу менен толтурулушун көзөмөлдөө;
* QS MoveIn платформасына катталуу, жумуш берүүчүлөрдүн анкеталарды алышын жана өтүүсүн көзөмөлдөө;
* Региондогу компанияларды анализдеп чыгуу;
* Кабыл алып жаткан мекемелердин жетекчилери менен биргеликте онлайн курстарды жана конок лекцияларды өткөрүү;
* Бүтүрүүчүлөр ассоциациялары менен системдүү коммуникация алып баруу;
* Вакансия ярмаркаларын уюштуруу;
* Кээ бир адистиктер үчүн 6+2 же 7+1 системасына өтүүнү карап чыгуу (6 семестр теория жана 2 сем. практика);
* Чет өлкөлүк жумуш берүүчүлөр менен келишим түзүү. Мисалы, Түркиянын мейманканалары менен «Туризм жана мейманкана иши» адистигинин алкагында кызматташууну карап чугуу;
* Жумуш берүүчүлөр өткөрүп жаткан иш чараларга студенттердин активдүү катышуусун камсыздоо;
* Компания үчүн перспективдүү студенттерге жумуш берүүчүлөр тарабынан стипендиялардын төлөнүшүн карап чыгуу;

## Профессордук-окутуучулук курамдын студенттердин санына болгон катышы - 10%

Бул багытта ар дайым иш-чаралар үзгүлтүксүз аткарылууга тийиш. Тагыраак айтканда, аспирантура жана PhD докторантура бөлүмү атайын иш-чараларды жүргүзүп, кадрдык саясат окумуштуулук даражага ээ болгон профессордук-окутуучулук курамдын санын көбөйтүүгө багытталууда.

## Шилтемелердин санынын окутуучулук-профессордук курамга болгон катышы - 10%

Бул багыттагы репутациялык көрсөткүчтүн алкагында чет өлкөлүк авторлор менен бирге англис тилинде макалаларды чыгаруу иш чарасы белгиленген. Ал үчүн англис тилиндеги журналды каттоо жана ал журналдын таанымдуулугун өстүрүү максатында башкы этапта макалаларды акысыз чыгаруу тажрыйбасын пайдалануу мүмкүн. Чет өлкөлүк авторлор менен биргеликте англис тилинде чыгарылган макалалар жергиликтүү автордун h-indexнин тез жогорулашына өбөлгө түзөт жана ОшМУнун дүйнөлүк академиялык коомчулукта таанылуусуна өбөлгө болуп берет.

## Эл аралык илимий коллаборациянын индекси - 10%

Бул багытта ОшМУнун партнерлорунун ичинен стратегиялык өнөктөштөрдү аныктоо иш-чарасы аныкталган. Ал үчүн баштап университеттин күчтүү жана алсыз тараптарын изилдеп чыгып, терең жана ар тараптуу кызматташуу үчүн максимум 5-6 университетти (өлкөнү) тандоо зарыл. Кызматташуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында, алыскы чет өлкөлөр менен болгон келишимдерди анализдеп чыгып, аларга баа берүү жана бул багытта институционалдык мамилелерди аныктоо керек.

Ал эми эл аралык биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү, академиялык программаларды биргелешип иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатында илимий долбоорлорду биргелешип каржылоо, мугалимдердин жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн жогорулатуу жана бул багытта аракеттеги платформаларды пайдалануу зарыл.

## Мугалимдердин эсебине жарашамакалалардын саны - 5%

Бул багытта Scopus платформасына университеттин катталуусун камсыздоо менен абонемент алуу иш-чарасы каралган. "Жырткыч журналдар" боюнча эл аралык эксперттерди чакырып, же болбосо онлайн форматта болсо да семинарларды өткөрүү максатка ылайык келет. Макаладагы авторлордун санын чектөө маселесин талдоо жумушу да күн тартибине коюлган.

## Илимий даражасы (PhD) бар мугалимдердин катышы - 5%

Бул багыттагы репутациялык көрсөткүчтүн алкагында төмөнкүдөй иш-чаралардын аткарылыш белгиленген:

* Эрасмуз, Орхун, Мевлана ж.б. стипендиялык программалар аркылуу чет элдик PhD даражасы бар мугалидерди тартуу, н违ерситетке "Кош кадр" принцибин киргизүү, партнер-университеттерден «Кош кадр» прициби аркылуу мугалидерди тартуу;
* Магистратура багытында биргеликтүү окуу программаларын киргизүү;
* Магистратурадагы окуу программаларын өзгөртүү жана жакшыртуу;
* Окумуштууларга стимул берүү максатында социалдык пакеттерди бөлүп берүү;
* Жаңы PhD программаларынын ачылышын талдап, илимий кеңештин отурумуна алып чыгуу;
* Жумушка алуу саясатын талдап чыгуу;

## Чет элдик мугалимдердин катышы - 2,5%

Бул багытта чет элдик мугалимдерди тартуу, чет өлкөлүк лекторлор менен бир семестрден кем эмес убакытка келишим түзүү иш-чаралары пландаштырылган. Өнөктөш университеттерден илимпоздорду бир семестрден кем эмес убакытка чакыруу менен англис тилиндеги сабактардын санын жогорулатуу зарылдыгы белгиленген.

## Чет элдик студенттердин катышы - 2,5%

Бул багытта нормативди камсыздоо үчүн чет элдик студенттерди академиялык мобилдүүлүк аркылуу тартуу, эки тараптуу мамилелерди өркүндөтүү жана келишим түзүүдө чет элдик студенттердин ОшМУга келишин 1 семестрден кем эмес убакытка тартыларын шарттуу түрдө кошуу иш-чарасы аныкталган.

Бул иштердин аткарылышы менен ОшМУда чет элдик студенттердин саны арбып, ОшМУнун студенттеринин тышкы окуу жайларда окуусу туруктуу багыт алат жана билимдин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүлөт.

## Академиялык мобилдүүлүк боюнча сырттан келген студенттер - 5%

Бул багытта төмөнкүдөй иш-чараларды уюштуруу планга киргизилген:

* Студенттердин мобилдүүлүгүн колдоо боюнча факультеттердеги тиешелүү координаторлордун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу;
* Академиялык мобилдүүлүктөн келген студенттер менен жолугушууларды өткөрүү;
* Академиялык мобилдүүлүктө окуп жаткан студенттер менен онлайн-жолугушууларды өткөрүү;
* Кабыл алып жаткан университеттерде ОшМУнун күндөрүн өткөрүү;
* Окуучулардын мобилдүүлүгүн колдоо;
* боюнча педагогикалык жамаат арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

Бул жумуштардын аткарылышы менен чет өлкөлүк студенттерди тартуу аркылуу университеттин брендинин таанымдуулугу жогорулайт.

## Веб импакт- 10%

Репутациялык көрсөткүчтүн бул багытында дүйнөлүк билим берүү коомчулугунда ОшМУнун таануулугун жогорулатууга багытталган иш-чаралар каралган. Тагыраак айтканда, www.topuniversities.com сайтындагы жакшыртылган профилине өтүү, ОшМУ жөнүндөгү маалыматты QS порталында жаңылоо, ОшМУнун академиялык жетишкендиктери, ойлоп-табуулары же туруктуу өнүгүү максаттарына дал келген иш-чара, жаңылыктарын QS GEN журналына жарыялоо жумуштары планга кирген.

Ошондой эле QS агенттиги менен байланышты туруктуу сактоо максатында алар тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга үзгүлтүксүз катышуу зарылдыгы белгиленген.

ОшМУнун расмий сайтын жаңылоо, аны жандуу, көз тартуучу жана корпоративдик түскө дал келген сайтка айландыруу максатында жооптуу тараптарга милдеттер коюлган.

Дүйнөлүк билим берүү коомчулугунда ОшМУну абройлуу университет катары брендин жаратуу максатында сайттын англисче версиясын иштетүүгө өзгөчө көңүл буруу баса белгиленген. Ошондой эле коомчулукта жана эл аралык академиялык аренада университеттин имиджин өркүндөтүү максатында төмөнкүдөй иш-чаралар ишке ашат:

* ОшМУнун сайтын жаңылоо жана .edu доменин сайттын дарегине кошуу;
* ОшМУнун сайтынын мобилдик версиясын чыгаруу;
* Корпоративдик электрондук почтанын мобилдик версиясын иштеп чыгуу;
* Корпоративдик электрондук почтанын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, кемчиликтерин жок кылуу, көзгө жагымдуу интерфейс кошуу.
* Факультеттердин өздөрүнүн расмий сайттарын, социалдык тармактардагы баракчаларын жок кылуу;
* Расмий сайтка маалыматтарды өз учурунда жайгаштыруу;
* Факультеттер арасында маалыматтарды так жана убактылуу таркатуу боюнча иш алып баруу;
* PR ишмердүүлүгүн жакшыртуу;
* Стратегиялык өнүгүү процессине университеттин бүт жамаатын: окутуучуларды, кызматкерлерди, жергиликтүү жана эл аралык студенттерди, бүтүрүүчүлөрдү, кызыкдар тараптарды жана эл аралык уюмдарды тартуу.

**Материал ОшМУнун Улуттук жана эл аралык рейтингдер бөлүмүнүн жетекчиси М.Тотобаевдин баяндамасынын негизинде даярдалды**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

## БУЙРУК №6180-ФХД/22 08.12.2022

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 2-декабрындагы №3 протокол) негизги маселелерде каралган «ОшМУда 2021-2022-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деп аталган №1 маселе боюнча төмөндөгүдөй буйрук кылам:

1. Ош мамлекеттик университетинде 2021-2022-окуу жылында жүргүзүлгөн окуу иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.

2. Эл аралык QS глобалдык рейтингине катышуу үчүн талап кылынган критерийлерге ылайык маалыматтарды топтоо, талдоо жана ХАБга жүктөө боюнча ар бир структуралык бөлүмдөр тынымсыз иш алып барышсын (аткаруу мөөнөтү: 2022-жылдын 25-декабрына чейин).

3. Эл аралык академиялык чөйрөдө ОшМУнун беделин (репутациясын) QS глобалдык рейтингдин критерийлери жана талаптары боюнча көтөрүү максатында ар бир кафедра башчылары тарабынан берилген академиялык эксперттерге жана жумуш берүүчүлөргө QS глобалдык рейтинг агенттиги тарабынан жиберилген сурамжылоонун толук жана так толтурулушу декандар/директорлор/кафедра башчылары тарабынан көзөмөлгө алынсын жана жалпы координациялоо милдети улуттук жана эл аралык рейтингдер секторунун башчысы М. Тотобаевге жүктөлсүн.

4. Улуттук жана эл аралык рейтингдерде негизги критерийлерден болгон чет элдик окуу жайлар менен байланышты күчөтүү, академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, кош дипломдуу билим берүү программаларын ачуу, биргелешкен эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу, ОшМУда окуган чет элдик студенттердин/магистранттардын/аспиранттардын/PhD докоранттардын санын арттыруу, чет элдик окутуучуларды жумушка тартуу аркылуу англис тилинде окутулуучу билим берүү программаларын көбөйтүү, ОшМУнун окутуучуларынын өнөктөш чет элдик университеттерде иштөөсү боюнча комплекстик иш-чаралар ар бир структуралык бөлүмдөрдө үзгүлтүксүз аткарылсын жана жалпы координациялоо милдети эл аралык байланыштар департаментинин директору А.Абдувалиевге жүктөлсүн.

5. Жергиликтүү жана чет элдик иш берүүчүлөрдүн сандык жана сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу жана алар тарабынан улуттук жана эл аралык рейтингдерде ОшМУнун бааланышын камсыздоо, ОшМУнун иш берүүчүлөр арасындагы беделин (репутациясын) көтөрүү максатындагы иш-аракеттер ар бир факультет/колледж/кафедраларда, педагогикалык жана өндүрүштүк практикалар бөлүмдөрүндө (А. Батыралиев, Т. Матикеев), Карьера борборунда (А. Маткалыков) үзгүлтүксүз аткарылсын жана жалпы координациялоо милдети ББСБнын башчысы М. Алтыбаевага жүктөлсүн.

6. Илимий макалалардын санынын бир кызматкерге болгон катышын, университеттин эл аралык илимий байланыштарын, патент, автордук күбөлүктөрдү жана илимий макалага болгон шилтемелерди Google Академия, Research Gate, ORCID, Mendeley платформаларына жайгаштырууну, Scopus, Web of Science, Microsoft Academic базаларындагы илимий макалалардын санын, PhD даражалуу кызматкерлердин үлүшү көрсөткүчтөрүн QS глобалдык рейтингинин критерийлери жана талаптары боюнча көтөрүү иш-аракеттери ар бир факультет/кафедраларда, ОшМУнун илим изилдөө бөлүмүндө, аспирантура жана Phd докторантура бөлүмүндө тынымсыз аткарылсын жана жалпы координациялоо милдети илимий иштер боюнча проректор Р. Арапбаевге жүктөлсүн.

7. Университеттин интернеттеги таасири көрсөткүчүн (http://www.webometrics.info/) Google, Google Scholar Profiles, Scimago платформаларында QS глобалдык рейтингинин критерийлери жана талаптары боюнча көтөрүү жана университеттин расмий сайтын жаңылап, AVN, KelBil, ЖРТ программаларына жана социалдык тармактарга байланыштырып, дистанттык окутуу, онлайн тестирлөө, анкетирлөө, ички рейтингдерди чыгаруу, конференцияларды, олимпиадаларды, түз эфирлерди өткөрүү процесстеринде колдонуу ар бир факультет/кафедраларда жана ОшМУнун жогорку технологиялар паркы-IT Академиясында тез арада аткарылсын жана жалпы координациялоо милдети информациялык технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнүн башчысы А. Омаралиевге жүктөлсүн.

8. ОшМУда окутуунун кредиттик системасын модернизациялоо алкагында академиялык саясат иштеп чыгуу жана алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу пландаштырылсын жана окуу бөлүмүнүн башчысы И.Н. Атабаевге жүктөлсүн.

9. ОшМУда окутуунун кредиттик системасын модернизациялоо алкагында: орто жана жогорку профессионалдык билим берүү багытттарында 2023-2024-окуу жылына университеттин өзгөчө макамын эске алуу менен окуу пландарын мамлекеттик билим берүү стандарттарга ылайыктап даярдап катталуу жараянын тандоонун негизинде дисциплиналар жана окутуучулар боюнча жазылуу формасын толук ишке ашыруу жана тиешелүү нормативдик документтерди иштеп чыгуу милдети декандарга, директорлорго, кафедра башчыларына, окуу бөлүмүнө, ББСБга жана IT академияга жүктөлсүн.

10. ОшМУда окутуунун кредиттик системасын модернизациялоо алкагында: орто жана жогорку профессионалдык билим берүү багытттарындагы бакалавриат сырттан окуу бөлүмүнө жана магистратура күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө 2023-2024-окуу жылына окутуунун дистанттык технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштуруудагы алдынкы тажрыйбаларын жайылтуу милдети декандарга, директорлорго, кафедра башчыларына, окуу бөлүмүнө, ББСБга жана IT академияга жүктөлсүн.

11. Университеттин веб импактын жогорулатуу максатында, университеттин расмий сайтын жаңылоо, аны жандуу, так жана маалыматтардын өз учурунда жайгаштырылуусу жана edu. доменин сайттын дарегине кошуу, ОшМУнун сайтынын мобилдик версиясын чыгаруу, корпоративдик электрондук почтанын мобилдик версиясын иштеп чыгуу, корпоративдик электрондук почтанын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, кемчиликтерин жок кылуу, көзгө жагымдуу интерфейс кошуу, факультеттердин өздөрүнүн расмий сайттарын, социалдык тармактардагы баракчаларын жок кылуу ОшМУнун жогорку технологиялар паркы-IT Академиясына жүктөлсүн.

12. Жергиликтүү жана чет элдик массалык маалымат каражаттарында ОшМУнун жетишкендиктери жөнүндөгү имидждик материалдардын, рекламалык маалыматтардын чыгуу интенсивдүүлүгүн, чет элдик илимпоздор, студенттер/магистранттар/аспиранттар/PhD докоранттар жана бүтүрүүчүлөр тарабынан ОшМУ жөнүндөгү көрсөтүүлөрдүн, маектердин санын көбөйтүү жана тиешелүү интернет ресурстарга жайгаштыруу багытындагы комплекстүү иш-чаралар коомчулук менен байланыш департаментинде (М. Ниязалиев) жана академиялык мобилдүүлүк бөлүмүндө (С. Амиралиев) күчөтүлсүн жана жалпы координациялоо милдети студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор Ж.А. Артыковага жүктөлсүн.

13. QS глобалдык рейтингдин критерийлери жана талаптарына ылайык туруктуу өнүгүү максаттарынын университетте аткаралышы: ОшМУнун кампустарында жана жатаканаларында энергоэффективдүү технологиялардын колдонулушун изилдөө, климаттын өзгөрүлүшүнө каршы аткарылган, аткарылып жаткан жана аткарылуучу иш-чараларды ММКда убактылуу чагылдыруу, ОшМУнун кампустарында жана жатаканаларында мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн түзүлгөн шарттарды изилдеп чыгуу, изилдөөлөрдүн негизинде сунуштарды даярдап, ректордун кароосуна алып чыгуу административдик-чарба департаментинин директору А. Зайнидиновго жүктөлсүн.

14. Илгерилетүү жана университеттин брендин алдыга жылдыруу үчүн университеттин өнөр жай комплекстеринде товарларды жана кызматтарды өндүрүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу: ИПКнын өндүрүү потенциалын анализдеп чыгуу. ИПКда иштелип чыккан продукцияны реализациялоо үчүн ОшМУнун китеп дүкөнүн ачуу маселесин карап чыгуу (Osh State University BookStore).

15. Университеттин факультеттеринин жана колледжеринин аккредитациялык талаптарга ылайык келтирүү жагы структура жетекчилерине, тиешелүү проректорлорго милдеттендирилсин.

16. Академиялык мобилдүүлүккө баруучу студенттердин буйруктарын өз убагында чыгаруу жана жекече окуу пландарын кыска убакытта оптималдуу иштеп чыгуу деканаттарга милдеттендирилсин.

17. Биргелешкен билим берүү программаларынын окуу пландарынын түзүлүшүн жана окуу процессинин жүрүшүн көзөмөлдөө окуу бөлүмүнө жүктөлсүн.

18. ОшМУнун ишмердигиндеги негизги (окуу, методикалык, илимий, тарбия) жана коштоочу, көмөкчү (инфраструктура, каржы, документ айлантуу ж.б.) процесстериндеги көрсөткүчтөрдү институционалдык аккредитациянын стандарттарындагы минималдуу талаптардан кем эмес өлчөмдө камсыздоо бардык деңгээлдеги кызматкерлерге, жетекчилерге милдеттендирилсин.

19. Сырттан окутуудагы НББПларда бардык дисциплиналар боюнча окутуунун электрондук формасын кийирүүгө керектүү каражаттарын түзүп чыгуу менен дистанттык технологияларды толук пайдаланууга өтүү тиешелүү факультеттердин кафедра башчыларына жана декандарга милдеттендирилсин.

20. Эл аралык билим берүү программалар колледжинде, STEM инновациялык колледжинде жана индустриалдык-педагогикалык колледжинде аудиториялык базаны кеңейтүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

21. Бул токтомдун аткарылышы тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин, ишке ашырылуусун көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректор З.С. Божоновго жүктөлсүн.

***Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы***

**ОшМУнун ректору, профессор К.Г. Кожобеков**

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
З.Божонов, З.Пусуртегин, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев

**Корректор:**
М.Турсунбекова

**Фото кабарчы:**
Р.Максутов

**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Зинагүл Нуралиева
Айбарчын Кулушева
Кутманай Маликова

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1728

*(башталышы 2-бетте)*

формалдуулугу;

9. Чет өлкөлүк эксперттер базасынын кафедраларда түзүлбөгөндүгү, алар менен иш алып барууда, ОшМУдагы келишимдерди пайдаланууну билишпегендиги;

10. Жергиликтүү иш берүүчүлөр менен да байланыштардын формалдуулугу.

### Иштерди активдештирүү үчүн сунуштар:

1. Окутуучуларда дээрлик (80%) 1,5 ставка окуу жүктөмү менен алектенүүгө кызыктар көп болгондуктан, окуу-методикалык иштерден башка, илимий-изилдөө иштерине убакыттын жетишсиздигин эске алып саат жүктөмдүрүн азайтуу же илимге кошумча пассивдүү 0,25 ставкага уруксат берүү;

2. Чет элдик журналдарга макалаларды даярдоодо лингвистикалык колдоо көрсөтүү боюнча профессионалдык борборду түзүү (Центр академического письма);

3. ОшМУнун расмий сайтынын редакторлорунун сайтты редакциялоо боюнча сунушун эске алып тиешелүү адистер менен биргеликте расмий сайтты редакциялоого уруксат берүү.

Ошентип жогорудагы баяндалган "Ош МУдага кафедралардын дүйнөлүк QS рейтингге катышууга даярдыгынын абалы" тууралуу берилген маалыматтардын, тыянактардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши

## ТОКТОМ кылат:

1. ОшМУнун кафедраларынын «QS университеттеринин дүйнөлүк рейтингине» катышуунун абалы тууралуу комиссиянын билдирүүсү эске алынсын.

2. Бул текшерүүнүн жыйынтыгында келтирилген SWOT анализдин негизинде тезарада "QS университеттеринин дүйнөлүк рейтингине» катышууну активдештирүү боюнча иш чараларын иштеп чыгуу жана ОшМУнун улуттук жана эл аралык рейтингдер бөлүмүнүн башчысы М.Дж. Тотобаевге 01. 03. 2023-жылга чейин тапшыруу кафедра башчыларына жана факультеттин декандарына милдеттендирилсин.

3. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 2-декабрындагы №3 протокол) негизги маселелерде каралган «ОшМУда 2021-2022-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер» деп аталган №1 маселе боюнча буйруктун 2-5,9-13, пунктарын аткаруу боюнча иш чараларын пландоо, бекитүү (01.02. 2023-жылга чейин), жана аткаруу декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.

4. Ар бир факультетте тиешелүү программалар боюнча кызматташуу үчүн эл аралык эксперттердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн базасын түзүү, алар менен ыраатуу иш алып баруу декандарга, директорлорго милдеттендирилсин.

5. ОшМУнун расмий сайтын редакциялоо боюнча редакторлорунун сунушун эске алуу менен тиешелүү адистер менен биргеликте сайттагы маалыматтарын жаңылоо, пландалган, аткарылган иштерди 3 тилде, өз убагында сайтка чыгаруу М. милдеттендирилсин

6. Факультеттердин сайтын регулярдуу редакциялоо боюнча, маалыматтарды өз убагында 3 тилде жарыялап туруу үчүн факультеттин сайтына жооптуларга тиешелүү деңгээлдеги стимулдаштыруучу же мотивациялоочу жеңилдиктерди берүү декандарга милдеттендирилсин.

7. Ар бир кафедрада тиешелүү заманбап илимий изилдөө лабораторияларды түзүү, Scopus, WoS базаларында илимий макалаларды чыгаруу үчүн приоритеттик илимий багыттарды тактоо, жаш окутуучулар арасында илимий изилдөө метологиясы, усулдары боюнча керектүү илимий-методикалык иштерди алып баруу тиешелүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин.

8. Чет элдик журналдарга макалаларды даярдоодо лингвистикалык колдоо көрсөтүү боюнча профессионалдык борборду түзүү (Центр академического письма) ректораттан суралсын.

9. Профессордук-окутуучулук курамды вакантык кызматтык орундарга шайлоодо, университеттик, шаардык, областтык, мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүүдө алардын Хирша индекстери, Scopus, WoS базаларында эмгектери, рейтингдик көрсөткүчтөрүн эске алуу сыйлыктар боюнча комиссияга сунушталсын.

10. Бул токтомдун аткарылышы тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин, ишке ашырылуусун көзөмөлгө алуу окуу иштери боюнча проректор З.С. Божоновго жүктөлсүн

**Окумуштуулар кеңешинин орагасы,**
**профессор К.Г.Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент Дж.Ж.Асанбекова**

# Жаңы жылда кабыл болсун тилектер!

Ош мамлекеттик университети "бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып", жаңы жылга арналган маданий-эстетикалык программаларын жогорку деңгээлде өткөрүп алды. Баштап университеттин кызматкерлеринин бөбөктөрүнө арналган майрамдык кече уюштурулса, кечинде эмгек жамаат үчүн "ректордук балл" өттү. Жаркын маанай, жагымдуу сезим тартуулаган жаңы жылдык кеченин эстен кеткис көз ирмемдерин сунуштайбыз.




















**ОшМУнун фотографы Рашит Максутовдун тарткан сүрөттөрү**